**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

| | |
|---|---|
| **Бекитилди** | **Бекитемин** |
| Ж. Баласагын атындагы Окумуштуу кеңешинин | Ж. Баласагын атындагы |
| чечими менен | КУУнун ректору |
| (Протокол №_6_, “_3_” _март_ 2023-ж) | ______ Т.А.Абдырахманов |

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин**

**Аксакалдар кеңешинин**

**Жобосу**

## 1. Жалпы жоболор

1.1 Ж.Баласагын атындагы КУУнун Аксакалдар кеңеши университеттин ректорунун алдында коомдук кеңеш берүүчү орган катары университеттин окуу, илимий жана коомдук турмушун өнүктүрүүнүн маанилүү маселелери боюнча сунуштарды жана жолдомо даярдоо максатында түзүлөт.

1.2. Аксакалдар кеңешинин курамына илим жана билим берүү тармагында өзгөчө эмгек сиңирген Ардагерлер кеңешинин эң активдүү мүчөлөрү, университеттин тажрыйбалуу жана абройлуу окумуштуулары кирет.

1.3. Аксакалдар кеңеши жогоруда көрсөтүлгөн маселелерди Аксакалдар кеңешинин мүчөлөрүнө, Ж.Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңешине, ректорго чечим кабыл алууга сунуштай алат.

1.4. Аксакалдар кеңешинин ишмердүүлүгүн жетектөө КУУнун ректору дайындаган төрагасы тарабынан жүзөгө ашырылат . Төрага катышпай калган мезгилде төраганын орун басары милдетин аткарат.

## II. Аксакалдар кеңешинин негизги максаттары, функциялары, укуктары жана милдеттери.

2.1. Аксакалдар кеңешинин милдеттери:

- Университетте топтогон педагогикалык, практикалык, илимий, окуу жана башкаруу иш тажрыйбасын пайдалануу жана университеттин жетекчилигине, студенттерге, кызматкерлерине кеңеш берүү;
- эл аралык деңгээлде, республикада окуу жана илимий иш процесстерде университеттин кадыр-баркын жогорулатууга көмөк көрсөтүү;

- окуу-методикалык, илимий жана клиникалык кадрларды уюштуруу, даярдоо жана кайра даярдоо программаларын өркүндөтүүгө катышуу;

-институттардын, кафедралардын программалардын жетекчилерине, деканга жана ректоратка, администрацияга окуу-тарбия процесстерин уюштуруу, практикалык жардам көрсөтүү.

2.2. Алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн Аксакалдар кеңеши төмөнкүлөргө укуктуу:

-Университетти өнүктүрүү боюнча комплекстүү программаларды жана ошондой эле башка ченемдик документтерди иштеп чыгууга катышуу;

- педагогикалык ишти өркүндөтүү боюнча администрацияга сунуш киргизүү;

- университеттин стратегиялык өнүгүүсүнө программаларды түзүүгө кеңеш берүү;

- студенттерди, магистранттарды университеттин илимий өнүгүү тарыхы менен тааныштырууга көмөктөшүү;

- Аксакалдар кеңешинде каралган маселелер боюнча маалымат алуу үчүн университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерин өздөрүнүн жыйналыштарына чакырууга;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңешине «Ж.Баласагын атындагы КУУнун эмгек сиңирген ишмери», «Ж.Баласагын атындагы КУУнун эмгек сиңирген илимий кызматкери», «Ардактуу доктор» КУУнун эмгек сиңирген доктору» ардактуу наамдарын ыйгаруу үчүн, «Ж.Баласагын атындагы КУУнун төш белгиси» менен сыйлоого, «Ж.Баласагын атындагы КУУнун ардактуу профессору»,«Ж.Баласагын атындагы КУУнун ардагери» наамдарына сунуштаганга ошондой эле моралдык жана материалдык колдоо көрсөтүү үчүн жолдомо бере алат.

2.3. Аксакалдар кеңешинин мүчөлөрү ректордун институттардагы/факультеттердеги өкүлдөрү болуп саналат жана анын коомдук кеңешчиси катары төмөнкүлөргө укуктуу:

- белгиленген тартипте кеңеш берүүчү органдардын ишине, институттун профессордук-окутуучулук курамы өткөрүүчү жыйындарга жана башка иш-чараларга катышууга;

- институттун/факультеттин кызмат адамдарынан өз ишин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон материалдарды талап кылууга;

2.4 Аксакалдар кеңешинин мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү: - Аксакалдар (аксакалдар) кеңешинин иштерине активдүү катышууга;

- ректордун жана Аксакалдар кеңешинин жыйынында берилген тапшырмаларын аткарууга.

2.5 Аксакалдар кеңеши университеттин студенттик, профсоюз жана башка коомдук уюмдары менен байланышууга, тыгыз иштөөгө тең укуктуу.

**III. Аксакалдар кеңешинин регламенти**

3.1. Аксакалдар кеңешинин жыйналыштары эки айда бир жолудан кем эмес чакырылат.

3.2. Чечимдер Аксакалдар кеңешинин жыйналышка катышкандардын мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

3.3. Аксакалдар Кеңешинин чечимдери милдеттүү түрдө ректордун кароосуна жөнөтүлөт жана сунуштама берүү укугуна ээ.

3.4. Жумушчу топтордун жыйналыштары зарылчылыкка жараша же ректордун тиешелүү тапшырмасы боюнча өткөрүлөт.

3.5 Жумушчу топтун жыйналыштарында анын мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынган чечимдер Аксакалдар кеңешинин кароосуна киргизилет же Аксакалдар кеңешинин төрагасы тарабынан университеттин ректоруна жөнөтүлөт.

3.6 Аксакалдар кеңешинин төрагасы:

- Аксакалдар кеңешинин иш планын бекитет;
- Аксакалдар кеңешинин курамына мүчө киргизүү жана анын курамынан чыгаруу жөнүндө ректорго сунуш киргизет:
- Аксакалдар кенешинин жумушчу топторунун ишин координациялайт;
- Аксакалдар кеңешинин жыйналыштарын өткөрөт.

**IV. Аксакалдар кеңеши жөнүндө жобону кабыл алуу жана ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү.**

4.1. Бул Жобо Аксакалдар кеңешинин курамына кирген бардык катышуучулар тарабынан каралат жана ректор тарабынан бекитилет.

4.2. Бул Жобого катышуучулардын сунушу боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн. Өзгөртүүлөр жана толуктоолор жыйналыштарда киргизилет жана бул сунуш боюнча автоматтык түрдө талкуулоону жана добуш берүүнү камтыйт. Ушул Регламентке өзгөртүүлөр жана толуктоолор катышуучулардын жалпы санынын үчтөн экиси " макул" деп добуш берсе кабыл алынат.

V. Аксакалдар кеңешинин ишин токтотуу

5.1. Аксакалдар кеңешинин иши катышуучулардын жалпы санынын үчтөн экисинин добушу менен чечим кабыл алынган учурда токтотулат.

5.2. Аксакалдар кеңешинин мүчөлөрүнүн кимиси болбосун ишин токтотуу жөнүндө чечимдин демилгечиси боло алат жана жүйөлүү себебин келтирүү зарыл.